**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жусупбеков Нурбек Исраиловичтин
ишенимдүү өкүлү Исмаилов Жумабек Капаровичтин
кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

20-октябрь 2015-жыл                                                    Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамында: Ч.О. Осмонова, К. Абдиев, М.Р. Бобукеева, катчы М.Э.Толобалдиевдин катышуусу менен, Жусупбеков Нурбек Исраиловичтин ишенимдүү өкүлү Исмаилов Жумабек Капаровичтин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 9-сентябрында Н. Жусупбековдун ишенимдүү өкүлү Ж. Исмаиловдон «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1- бөлүгүнүн экинчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө жана 52- беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 4-бөлүгүнө ылайык эмес деп табуу жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Арызданууочулар өз кайрылуусунда, Н. Жусупбеков 2014-жылдын 23-октябрынан тартып Нарын облусунун Кочкор райондук администрация

башчысы болуп иштеп келе жатканын жана ал иштегенден тартып анын үстүнөн соттуулугу бар деп арызданышып иштетпей жатканын билдирет.

Анткени ал, 2003-жылдын 18-мартында Нарын облусунун Кочкор райондук сотунун өкүмү менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 304-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пункту менен күнөөлү деп табылып, ага 5 000 (беш миң) сом айып салынган, салынган айып 2003-жылдын 12-апрелинде № 12306 квитанциясы менен толук төлөнгөн. Андан тышкары, 2006-жылдын 1-мартында Кочкор райондук соту тарабынан Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 316-беренесинин 1-бөлүгү, 335-беренесинин 1-бөлүгү менен ага карата козголгон кылмыш иши, «Кырыз Республикасынын Конституциясынын кабыл аланышынын 10 жылдыгына жана кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын майрамдалышына байланыштуу мунапыс берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин «з» пунктусу колдонулуп, жазадан бошотулгандыгын билдирет.

Мындан тышкары, арызданууучулар, жогоруда белгилеп кеткендей өкүмдөр 2003-жылдын 18-мартында жана 2006-жылдын 1-мартында чыгарылган, ал эми конституциялуулугун талашып жаткан мыйзам 2011-жылдын 14-июлунда кабыл алынган. Ушунун негизинде, «Кырыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кырыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык, ченемдик укуктук актынын колдонулушу ал күчүнө киргизилгенге чейин келип чыккан мамилелерге карата жайылтылбайт. Бул эрежеге ченемдик укуктук актынын же анын айрым структуралык элементинин артка карата колдонулушу анын өзүндө же ченемдик укуктук актыны колдонууга киргизүү жөнүндө актыда белгиленген учурлар, ошондой эле мурда каралган укук бузгандык үчүн жоопкерчилик алып салынган же жеңилдетилген учурлар кирбейт. Жоопкерчиликти белгилөөчү же күчөтүүчү, жарандарга, юридикалык жактарга жаңы жоопкерчиликтерди жүктөөчү же болбосо алардын абалын начарлатуучу ченемдик укуктук актылар артка карата

колдонулбайт, ошондуктан, талашып жаткан ченем Н. Жусупбековго карата жайылтылбайт деп белгилешет.

Ошону менен бирге, арызданууучулар өз кайрылуусунда, Кыргыз Республикасы 1994-жылдын 12-январында, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин № 1406-XII токтому менен жарандык жана саясий укуктардын эл-аралык Пактысына жана анын факультативдик протоколуна кошулгандыгын жана Кырыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар, соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан Кыргыз Республикасынын жараны аким боло албайт деп тыюу салууда коомдук кызыкчылыктарды коргоо жана бийликтин криминализациялоосуна бөгөт коюу максаттарын көздөгөнүн белгилеп, бирок, көрсөтүлгөн мыйзам жобосу менен жаран тарабынан жасалган кылмыштын мүнөзү, коомдук коркунучтуулугу, оордугу, белгиленген жаза жана кылмыш жасагандан кийин канча убакыт өткөндүгү эске алынбастан кабыл алынган деп эсептешет.

Жогоруда келтирилген жүйөлөрдүн негизинде, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 3-бөлүгүнө, 20-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө жана 52-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 4-бөлүгүнө карама-каршы келгендиктен ал жобону Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эмес деп таап берүүнү өтүнүшөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы Н. Жусупбековдун ишенимдүү өкүлү Ж. Исмаиловдун өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ч.О. Осмонованын маалыматын угуп, келтирилген өтүнүч жогоруда аталган

конституциялык мыйзамдын 20, 21, 24-26 беренелеринде көрсөтүлгөн талаптарга жооп берет деп жыйынтыкка келди.

Жогорулардын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1. Жусупбеков Нурбек Исраиловичтин ишенимдүү өкүлү Исмаилов Жумабек Капаровичтин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Аныктамага карата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттанууга мүмкүн.

Судьялар коллегиясы:

Ч. О. Осмонова

К. Абдиев

М. Р. Бобукеева

13-ил.